УДК 711.4-112+711.434.

**Моңолдор кызы Элизат**
И. Арабаев атындагы КМУнун Кыргызстан тарыхы жана этнология кафедрасынын магистранты
**Моңолдор кызы Элизат**
Магистрант кафедры Истории Кыргызстана и этнологии КГУ им. И. Арабаева
**Monoldor kyzy Elizat**
Master student of the Department of History of Kyrgyzstan and Ethnology of KSU named after I. Arabaeva

# БИШКЕК ШААРЫНЫН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АДМИНИСТРАТИВДИК БОРБОРУ КАТАРЫ ӨНҮГҮШҮ

# РАЗВИТИЕ ГОРОДА БИШКЕК КАК АДМИНИСТРАТИВНОГО ЦЕНТРА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# DEVELOPMENT OF BISHKEK AS AN ADMINISTRATIVE CENTER OF THE KYRGYZ REPUBLIC

**Аннотация:** Бул макалада Кыргызстандын борбору, өлкөнүн административдик бирдиги - Бишкек шаарынын тарыхы, калыптануусу, өнүгүшү жана азыркы учурдагы абалы тууралуу баяндалган.

**Аннотация:** В статье рассмотрены вопросы истории, развития столицы Кыргызстана, административного центра Кыргызской Республики – города Бишкек.

**Abstract**: The article discusses the history, growth, development and status of the capital of Kyrgyzstan, the administrative unit - Bishkek.

**Өзөктүү сөздөр:** Кыргыз Республика, Бишкек, конституция, аймак, улут, баатыр, уруу, чеп, ишкана, экономика, соода, жаштар, чек ара , чет өлкө.

**Ключевые слова:** Кыргызская Республика, Бишкек, Конституция, регион, нация, герой, племя, крепость, бизнес, экономика, торговля, молодежь, граница, заграница.

**Key words**: Kyrgyz Republic, Bishkek, constitution, region, nation, hero, tribe, fortress, business, economy, trade, youth, border, abroad.

Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык Кыргыз Республикасынын борбору Бишкек шаары болуп эсептелет. Өзгөчө административдик бирдикти түзөт. Аянты 16,0 миң га. Калкы 1 055,800 миң (2020). Бишкек шаарында 4 администрациалык-аймактык бирдик — Биринчи Май, Ленин, Октябрь, Сбердлов райондору, Чоң Арык шаарчасы (10,221 миң адам) жана Орто Сай айылы (2,390 миң адам) бар. Шаар Кыргыз Республикасынын түндүк-батышындагы Чүй өрөөнүндө, Казахстан чек арасынынан 25 чакырым алыстыкта жайгашкан. Бишкек Кыргызстандагы туризмдин борбору болуп, көп учурда Ысык-Көл же Тянь-Шань тоолоруна аттанган туристтердин эс алуучу, токтоочу жайы[I.2].

Бишкекте көп улуттун өкүлдөрү жашайт. Калктын катмарында орус, өзбек, түрк, казак, татар, азербайджан, немец, туркмөн, чечен, белорус, дунган, уйгур, тажик улутундагылар бар [III.1].

Эл арасында ушул аймакта Бишкек баатырдын жашагандыгы тууралуу айтылат. Шаар Бишкек баатырдын атынан калгандыгы жөнүндө уламыш кездешет. Бишкек жыгачтан жасалган курал, кымыз аралаштыргыч таяк экендиги айтылат. Бишкектин энесинин толгоосу сабадагы кымызды бишкек менен бышып жатканда башталат. Ушундан улам балага Бишкек деген ат коюлат. Бишкектин энеси Кубул (Көпуул) кадимки "Олжобай менен Кишимжан" дастанындагы Олжобайды өлтүрткөн жедигер уруусун бийлеген Канкочкордун уулу Кудакенин кызы экендиги айтылат. Бишкектин атасы Кенен баатыр менен Кудаке бий абдан жакшы мамиледе болгон. 45 жашка чейин көргөн уулдарына ичи чыкпаган Кенен тектүү жедигерден үйлөнсөм, тукумум өсөт деген ниетте Кудакенин кызынын колун сурап, ага үйлөнгөн. Кенен баатырдын тилеги кабыл болуп, Кубул болочок баатыр Бишкекти төрөгөн [IlI.3].

Шаардын борбору кокондуктардын мурдагы чеби Бишкек чебинин аймагында (Аламүдүн суусунун сол жээги, кийин «Темир усталар чеби» деп аталып калган шаар чалдыбарынын орду) жайгашкан. Шаар VIII кылымдан XV кылымдын башына чейин өнүгүп, моңголдордун жапырыгында бүлгүнгө учураган жана бир аз убакыттан кийин кайта жанданып, тиричилик XVIII кылымга чейин созулган. Андан кийин шаар биротоло ээн калган. Айрым маалыматтар боюнча XVIII кылымында солто уруусунан чыккан Бишкек баатыр ушул чөйрөнү жердеп, журтун душмандан коргоп турган. 19-кылымдын башында кыргыз феодалдарынын өз ара чатагынан пайдаланган Кокон хандыгы Чүй өрөөнүн басып алып, жергиликтүү элди башкарып туруу үчүн бир катар чеп курдурган. Кокондуктардын негизги чыңдоолорунун бири катары Чүй өрөөнүн борбор бөлүгүндө курулган чеп — Бишкек чеби аталган (бул аталышты колониячылар Пишпек деп бурмалап, өзгөртүп айтышкан). Бул чеп Аламүдүн суусунун батыш жагында азыркы «Темир усталар чебинин» ордунда 6га жерди ээлеген. 1825-жылында Чүй өрөөнүндөгү Пишпек аттуу калаасы эң ири аскерканасы (гарнизон) менен кошоо курулган. Орус аскерлери калааны 1860-жылы 4-сентябрда Бишкек чебин убактылуу басып алган. Бирок алар кетээри менен мында кокондуктардын бийлиги кайра орногон [II.1].

1862-жылы сентябрда падыша аскерлери Байтик башында турган кыргыздардын жардамы менен чепти 2-ирээт ээлеп, аны биротоло талкалаган. 1864-жылы анын урандысынын жанында казак-орустардын бекети, ага удаа чакан базар, 1887-жылы ат-почта бекети курулган. 1868—70 жылдары шаардын азыркы чегинде орус келгиндери Аламүдүн жана Бишкек айылдарын негиздешкен. 1865-жылга чейин чүйлүк кыргыздар акимий жактан Ала-Тоо округунун (борбору — Верный шаары) начальнигине баш ийген, 1865–67 жылдары Түркстан дубанына, кийин Токмок уездинин курамында Жетисуу облусуна кирген. 1878-жылы 29-апрелде уездин борбору Токмоктон Бишкекке көчүрүлүп, ага шаар статусу берилген. Шаар калкынын саны 1913-жылы 18468 жеткен. Бишкекте кустардык-өнөр жайлык мүнөздөгү алгачкы ишканалар, тегирмендер XIX кылымдын 2-жарымында пайда болгон. 1883-жыды булгаары заводу, 1885-жылы сыр-быштак жасоо ишканасы иштей баштаган. Ошондой болсо да шаарда өнөр жайга караганда базардык-стационардык типтеги соода тезирээк өнүккөн. 1878-жылы алгачкы чакан оорукана менен дарыкана ачылган. 1879-жылы приходдук бир класстуу окуу жай, кийин башка окуу жайлар ачылган. 1916-жылы жайында Бишкек уездинин көп бөлүгүн улуттук-боштондук көтөрүлүш каптаган. Орусияда февраль буржуазия-демократиялык революциясы жеңгенден кийин, 1917-жылы мартта Бишкекте жумушчу жана солдат депутаттар кеңеши уюшулуп, анда чечүүчү позициянын Убактылуу өкмөттү колдогон меньшевиктер менен эсерлер ээлеп алышкан. 1918-жылы 7-

январда Бишкектеги жана уездеги бийлик иш жүзүндө большевиктердин колуна өткөн. 1924-жылы 14-октябрдан Бишкек — Кара-Кыргыз Автономиялуу облусунун, 1925-жылы 25-майдан Кыргыз Автономиялуу облусунун борбору эсептелинген. 1926-жылы 1-февралдан Кыргыз АССРинин борбору, 1926-жылдын 12-майынан тарта Кыргызстандын борбору аскер ишмери Михаил Фрунзенин атынан Фрунзе деп аталып келген. Эгемендүүлүк алгандан кийин борбордун тарыхый атын кайтаруу аракети жүрөт. Мурда Фрунзе шаары Пишпек же Бишкек аталган деп талашып жатып, акыры Бишкекке токтолушат. Андан кийин "Бишкек" деген сөздүн этимологиясына кызыккандар жаралат. Бул боюнча тарыхчы, философ, адабиятчы, коомдук ишмерлерден тарта карапайым адамдарга чейин жазышкан. Алгач 70-жылдары казак топонимдерин изилдеген окумуштуулардын бири "пиш кек" же "пиш пек" деген сөз "беш бийик", "беш бийик тоо" дегенди түшүндүрөрүн айтат. Айрымдары "беш бек" деген сөздөн келип чыкты, "бул жакта мурда беш бек жашаган болушу мүмкүн" деген пикирлерин да айтат. Ирандын "биш гүх" же бизче "учтуу тоо" дегендер да болот. Дагы бирөө калмактын "бийик тоо" деген сөзүнөн чыккан дейт. Булардын баары адамдын логикалык ой жүгүртүүсүнөн келип чыгып, ал илимде элдик түшүнүк деп аталгандыктан кабыл алынган эмес.1936-жылы 5-декабрдан Фрунзе — Кыргыз ССРинин борбору (1991-жылдан Бишкек аталып, эгемендүү Кыргыз Республиканын борбору), 1938-жылы Бишкекте 3 акимий район Пролетар (азыркы Ленин), Биринчи Май, Свердлов райондору түзүлгөн. 1961-жылы шаарга Кызыласкер, Привокзальный (Попеновка), Төкөлдөш айылдары, Аламүдүн, Көкжар айылдарынын бир бөлүгү, 1984-ж. Чоңарык, Ортосай айылдары кошулган. 1974-жылы жаңы акимий район Октябрь район түзүлгөн. Кеңеш доорунда Бишкек шаарынын саясий-коомдук, социалдык-экономиалык жана маданий турмушунда зор өзгөрүүлөр болду. 1924-жылы алгачкы кыргыз газети «Эркинтоо» чыккан. Совет мезгилинде, тагыраагы, 1926-жылы мамлекеттик басмакана менен музей түзүлгөн. 1932-жылы педагогика, 1938-жылы зооветеринария, 1939-жылы медицина институттары ачылган. Ошол эле жылдары алгачкы ири өнөр жай ишканалары курулган. Бишкекке Улуу Ата мекендик согуш жылдарында Украинадан, Орусиядан бир катар өнөр жай ишканалары көчүрүлүп келинген. Азыркы учурда базар экономикасына багыт алуунун натыйжасында шаардагы өнөр жай ишканаларынын, соода мекемелеринин бир катары менчиктин түрдүү формаларына өтүүдө. Көз каранды эмес мамлекеттин борбору катары Бишкекте бир катар чет өлкөлөрдүн элчиликтери жана эл аралык уюмдардын өкүлчүлүктөрү ачылып, Кыргызстандын дүйнө элдери менен байланышы кеңейүүдө[II.2].

Бишкек шаары - саясий, экономикалык, илимий, административдик жана тарыхый-маданий борбор, республиканын мамлекеттик бийлигинин жогорку органдары, чет өлкөлөрдүн элчиликтери жана өкүлчүлүктөрү жайгашкан жер. Бишкектин башкы аянты – “Ала-Тоо” деп аталат. Ал жерде мамлекеттин белгиси болгон тууну аскерлер кайтарып турушат. Борбордук аянттын жанында Ак үй, Улуттук тарых музейи жайгашкан. Шаардагы алгачкы кооз имараттын бири “Ала-Тоо” кинотеатры тарыхый эстелик катары дагы эле көрктүү болуп турат. Эркиндик саябаны – жаштардын сүйүктүү жайы. Ал жерде балдар үчүн да ойной турган аянтчалар курулган. Улуттук филармониянын астында Манас баатырдын жана анын акыл кеңешчиси Бакай атанын, Каныкей апанын айкелдери бар. Манасчылардын эстеликтери да ушул жерде. Борбор калаага Курманжан датканын, Токтогул Сатылгановдун, Алыкул Осмоновдун, Чыңгыз Айтматовдун, Бүбүсара Бейшеналиеванын жана кыргыз элинин сыймыктуу инсандарынын эстеликтери орнотулган. Шаарыбызда көптөгөн маданий,

соода борборлору иштейт. Бишкек – жаштардын шаары. Мындагы жогорку окуу жайларында миңдеген жаштар билим алышат. 90дон ашык мектеп бар [I.3].

Бишкек шаарынын өсүшү Советтер Союзунун мезгилинде Кыргыз ССР инин административдик борбору деп таанылгандан кийин өнүгүүгө карай бет алган. Шаар республиканын административдик,өнөр жайдык, илим-билим, маданият борбору. Кыргызстан эгемендүүлүк алган кезде да Бишкек мурдагы макамын сактап калды.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**


**I.Нормативдик укуктук актылар**

I.1. Город Фрунзе в цифрах краткий статистический сборник - Кыргызстан-1972

I.2. Кыргыз Республикасынын Мыйзамы-Б.,2010

I.3. Укуктук-ченемдик актылардын жыйнагы-Сборник нормативно-правовых актов-Б:Нео Принт, 2018

**II. Адабияттар**

II.1. В.Я.Галицкий “История города Пишпека 1978-1917” Ф-1980 – Б.189-200.

II.2.Т.Усубалиев - Фрунзе-Советтик Кыргызстандын борбору Кыргызстан-1973.- Б.98-102.

**III. Интернет булактары:**

III.1.https://www.advantour.com/rus/kyrgyzstan/bishkek.htm

III.2. http://www.stat.kg/ru/gorod-bishkek/

III.3. https://triptokyrgyzstan.com/ru/destinations/places/bishkek


**Рецензент: т.и.к., доцент Жыргалбекова Г.К.**